**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК ОКРУГУНУН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО ОКРУГА**

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги жыйырма жетинчи сессиясынын**

**№ 27-1 ТОКТОМУ**

**10-январь 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын аткарылышы 2024-жылга бюджетин жана 2025-2026-жылдарга бюджеттин долбоорун бекитүү жөнүндө.**

Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын аткарылышы 2024-жылга каралган айылдык бюджети жана 2025-2026- жылдарга болжолун бекитүү жөнүндөгү маселени Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 78-бренесинин негизинде иштелип чыгылган Долбоор тиешелүү мекеме-ишканалардын жетекчилеринин катышуусунда Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин “Экономика, бюджет, соода жана ишкердүүлүк” боюнча туруктуу комиссиясы тарабынан каралган. Ушул каралып чыккан бюджетти Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 102-беренесинин 3 пунктун жетекчиликке алып, Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2024-жылга Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн бюджетинин кирешелери жана чыгашалары **36429,6** миң сом өлчөмүндө №1 тиркемеге ылайык бекитилсин. (1-тиркеме тиркелет.)
2. Айыл өкмөтүнүн бюджетинин чыгаша бөлүгү 2024-жылга түшкөн кирешелердин жана гранттардын чегинде, ошону менен бирге биринчи кезекте корголгон беренелер боюнча (эмгек акы, соц.фондко чегерүү, тамак-аш жана коммуналдык кызматтарга) каржылануусу белгиленсин.
3. Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 2025-2026- жылдарга бюджетинин болжолунун негизги көрсөткүчтөрү №2 жана №3 тиркемеге ылайык колдоого алынсын.
4. Кирешенин болжолу 2025-жылга 39889,5 миң сомго (республикалык бюджеттен алынуучу гранттар 4949,0 миң сом менен) жана 2026-жылга 43416,5 миң сомго (республикалык бюджеттен алынуучу гранттар 4949,0 миң сом менен) бекитилсин.
5. Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 2024-2025- жылдарга айыл өкмөтүнүн бюджетинин негизги көрсөткүчтөрүнүн болжолу жактырылсын.

6. Атайын каражаттардын кирешесинин сметада бекитилген өлчөмүнөн ашыкча бөлүгү толугу менен айыл өкмөтүнүң бюджетинин мекемесинин каржылоосуна калары аныкталсын.
7. Айыл өкмөтүнүн бюджетинин мекемелери казыналыктын регионалдык бөлүмдөрүнөн тышкары, мекеменин кассасы аркылуу атайын каражаттарын чыгымдоого тыюу салынсын.
8. 2024-жылда айылдык бюджеттин киреше бөлүгүнүн пландарынан ашыкча аткарылышынан түшкөн каражаттарды бөлүштүрүү жана өзгөртүү киргизүү айылдык кеңешке ыйгарылсын.
9. Жергиликтүү бюджеттик мекеме-ишканалардын финансалык–экономикалык негиздерин чыңдоо, алардын финансалык мамлекеттик каражаттарды максаттуу, сарамжалдуу пайдалануусун камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жана финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилсин.
10. Ушул токтомдун аткарылышы көзөмөлдүк кылуу жагы Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин “Экономика, бюджет, энергетика, ишмердүүлүк, кайра иштетүү боюнча” туруктуу комиссиясы тарабынан көзөмөлгө алынсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

**Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин 7-чакырылышынын кезектеги жыйырма жетинчи сессиясынын № 27-1токтомуна № 1 тиркеме**

**Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 2024-жылга айылдык бюджетинин болжолу**

**(миң сом)**

| | |
|---|---|
| Салык агенти төлөгөн киреше салыгы | 21087,8 |
| Патенттин негизинде салык | 1824,0 |
| Ишкердик иши үчүн пайдаланылбаган кыймылсыз мүлккө салык | 424,0 |
| Юридикалык жактардын транспорттук каражаттарына салык | 74,7 |
| Жеке жактардын транспорттук каражаттарына салык | 1826,0 |
| Тамарка короо жайлардан жана дачалык жер участкаларын пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 551,1 |
| Айыл чарба багытындагы жер салыгы | 0 |
| Айыл чарба багытындагы эмес жер салыгы | 1312,6 |
| Роялти | 130,0 |
| Кен байлыктарды казуу үчүн лицензия кармоо үчүн акы төлөө | 350,0 |
| Калктуу пункттардагы жерлерден алынуучу ижара акы | 57,6 |
| Жайыт ижарасы үчүн акы | 507,0 |
| Кайра бөлүштүрүү фондунун ижара акысы | 290,0 |
| Таштанды төлөмү | 397,0 |
| Мамлекеттик алымдар | |
| Атайын каражаттар | 2439,8 |
| Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр | 209,0 |
| Активдер жана милдеттемелер | |
| Теңдөөчү грант | 4949,0 |
| **Кирешелердин жыйынтыгы** | **36429,6** |
| Жалпы максаттагы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 16191,1 |
| Айыл өкмөтүнүн резервдик фонду | 364,3 |
| коргонуу | 500,0 |
| Айыл чарбасы | 1759,6 |

| | |
|---|---|
| Коммуналдык Чарба | 1839,1 |
| Маданият | 2694,3 |
| Билим берүү | 12381,2 |
| Социалдык коргоо | 700,0 |
| **Чыгашалар жыйынтыгы:** | **36429,6** |

**Т.Зулпуев айылдык**

**кенешинин жооптуу катчысы :** **Ж. Аркозиева**

**Т.Зулпуев атындагы айылдык кенешинин 7-чакырылышынын кезектеги жыйырма жетинчи сессиясынын №27-1токтомуна № 2 тиркеме**

**Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 2025-жылга айылдык бюджетинин болжолу**

**(мин сом)**

| | |
|---|---|
| Салык агенти төлөгөн киреше салыгы | 23513,0 |
| Патенттин негизинде салык | 1824,0 |
| Ишкердик иши үчүн пайдаланылбаган кыймылсыз мүлккө салык | 424,0 |
| Юридикалык жактардын транспорттук каражаттарына салык | 74,7 |
| Жеке жактардын транспорттук каражаттарына салык | 1826,0 |
| Тамарка короо жайлардан жана дачалык жер участкаларын пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 551,1 |
| Айыл чарба багытындагы жер салыгы | 1034,7 |
| Айыл чарба багытындагы эмес жер салыгы | 1312,6 |
| Роялти | 130,0 |
| Кен байлыктарды казуу үчүн лицензия кармоо үчүн акы төлөө | 350,0 |
| Калктуу пункттардагы жерлерден алынуучу ижара акы | 57,6 |
| Жайыт ижарасы үчүн акы | 507,0 |
| Кайра бөлүштүрүү фондунун ижара акысы | 290,0 |
| Таштанды төлөмү | 397,0 |
| Мамлекеттик алымдар | |
| Атайын каражаттар | 2439,8 |
| Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр | 209 |
| Активдер жана милдеттемелер | |
| Тендөөчү грант | 4949,0 |
| **Кирешелердин жыйынтыгы** | **39889,5** |
| Жалпы максаттагы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 16191,1 |
| Айыл өкмөтүнүн резервдик фонду | 399,0 |
| коргонуу | 500,0 |
| Айыл чарбасы | 3259,6 |

| | |
|---|---|
| | |
| Коммуналдык Чарба | 3339,1 |
| Маданият | 2694,3 |
| Билим берүү | 12541,1 |
| Социалдык коргоо | 1000,0 |
| **Чыгашалар жыйынтыгы:** | **39889,5** |

**Т.Зулпуев айылдык**

**кенешинин жооптуу катчысы : Ж. Аркозиева**

**Т.Зулпуев атындагы айылдык кенешинин 7-чакырылышынын кезектеги жыйырма жетинчи сессиясынын №27-1токтомуна № 3 тиркеме**

**Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 2026-жылга айылдык бюджетинин болжолу**

**(миң сом)**

| | |
|---|---|
| Салык агенти төлөгөн киреше салыгы | 27040 |
| Патенттин негизинде салык | 1824,0 |
| Ишкердик иши үчүн пайдаланылбаган кыймылсыз мүлккө салык | 340,0 |
| Юридикалык жактардын транспорттук каражаттарына салык | 74,7 |
| Жеке жактардын транспорттук каражаттарына салык | 1676,0 |
| Тамарка короо жайлардан жана дачалык жер участкаларын пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 551,1 |
| Айыл чарба багытындагы жер салыгы | 1034,7 |
| Айыл чарба багытындагы эмес жер салыгы | 1312,6 |
| Роялти | 130,0 |
| Кен байлыктарды казуу үчүн лицензия кармоо үчүн акы төлөө | 350,0 |
| Калктуу пункттардагы жерлерден алынуучу ижара акы | 57,6 |
| Жайыт ижарасы үчүн акы | 507,0 |
| Кайра бөлүштүрүү фондунун ижара акысы | 290,0 |
| Таштанды төлөмү | 370,7 |
| Мамлекеттик алымдар | |
| Атайын каражаттар | 1370,7 |
| Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр | 221,0 |
| Активдер жана милдеттемелер | |
| Теңдөөчү грант | 4949,0 |
| **Кирешелердин жыйынтыгы** | **43416,5** |
| Жалпы максаттагы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 17756,8 |
| Айыл өкмөтүнүн резервдик фонду | 434,0 |
| коргонуу | 600,0 |
| Айыл чарбасы | 5743,8 |

| | |
|---|---|
| | |
| Коммуналдык Чарба | 4960,1 |
| Маданият | 3776,8 |
| Билим берүү | 9135,0 |
| Социалдык коргоо | 1000,0 |
| **Чыгашалар жыйынтыгы:** | **43416,5** |

**Т.Зулпуев айылдык**

**кенешинин жооптуу катчысы :** **Ж. Аркозиева**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК ОКРУГУНУН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО ОКРУГА**

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кенешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги жыйырма жетинчи сессиясынын**

**№27-2 ТОКТОМУ**

**10-январь 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн аймагындагы жайытка баруучу мал жандыктарынын мал башына төлөнүүчү жайыт акысынын өлчөмүн бекитип берүү жөнүндө**

Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин сессиясында айтылган сунуштарды угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндөгү мыйзамынын” 10-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн аймагындагы жайытка баруучу малдарга төмөндөгүдөй өлчөмдөрү бекитилип берилсин.
1.Кара Мал сезонго -140 сом айына 20 сом
2.Жылкыга сезонго -140 сом айына 20 сом
3.Эчкилерге сезонго -140 сом айына 20 сом
4.Койлорго сезонго -84 сом айына 12 сом
2.Айыл аймагынан сырт жактан келген малдар үчүн үч эселенген сумма болуп төмөндөгүдөй өлчөмдө акы төлөө бекитилсин.
1.Кара Мал сезонго - 420 сом айына 60 сом
2.Жылкыга сезонго - 420 сом айына 60 сом
3.Эчкилерге сезонго - 420 сом айына 60 сом
4.Койлорго сезонго - 252 сом айына 36 сом болуп бекитилсин.
3.Бекитилген өлчөмдөгү төлөмдөрдү жыйноо аны туура пайдалануу менен калк арасында түшүндүрүү иштерин жакшыртуу жагы жайыт комитетинин төрагасы Арапов Азирeталиге милдеттендирилсин.

**Төрага** **М.Бакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК ОКРУГУНУН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО ОКРУГА**

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кенешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги жыйырма жетинчи сессиясынын**

**№ 27-3 ТОКТОМУ**

**10-январь 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн аймагында жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу жөнүндө**

Т.Зулпуев атындагы айыл аймагынын Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы А.Арапов мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу үчүн гектарына жайыт акысын бекитип берүү жөнүндөгү билдирүүсүн угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндөгү мыйзамынын" 3-1-беренесин 3-бөлүгүнө жана 6-беренесинин 5 бөлүгүнө негизинде Т.Зулпуев атындагы айылдык кенеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн аймагындагы мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга убактылуу пайдаланууга төмөндөгүдөй өлчөмдө жайыт акы төлөө өлчөмдөрү бекитип берилсин.
2. Бак дарактар гектарына бир жылына жайыт акысы 1500 сом Чөп чабынды жер бир гектарына бир жылга жайыт акысы 2500 сомдон 3000 сом болуп бекитилип берилсин. Бекитилген өлчөмдөгү төлөмдөрдү жыйноо аны туура пайдалануу менен калк арасында түшүндүрүү иштерин жакшыртуу жагы жайыт комитетинин төрагасы Арапов Азиреталиге милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомду көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Тажибаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**НООКАТ РАЙОНУ**<br>**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК ОКРУГУНУН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКАТСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО ОКРУГА** |

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кенешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги жыйырма жетинчи сессиясынын**

**№ 27-4 ТОКТОМУ**

**10-январь 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2024-жылга карата божомол бюджетин бекитүү жөнүндө**

Т.Зулпуев атындагы айылдык кенешинин сессиясында айтылган сунуштарды угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндөгү" мыйзамынын 4-беренесинин 3 пунктуна ылайык Т.Зулпуев атындагы айылдык кенеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2022-жылга карата өндүрүүмдүүлүгүн түзгөн жайыт акысы 507000 (беш жүз жети мин) сом болуп бекитилсин. Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин чыгаша бөлүгүн 507000 (беш жүз жети мин) сом болуп бекитилсин. Жайыт пайдалануучулар бирикмесине жайыт акысына төгүлгөн акча каражаты кайрадан толугу менен кайтарып берилсин.
(№1 тиркеме тиркелет).
2. 2024-жылга карата кабыл алынган бюджеттин аткарылышын максаттуу пайдалануу жагы жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы Арапов Азиретке милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенештин "Экономика, бюджет, энергетика, ишмердүүлүк, кайра иштетүү боюнча" туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

**Т.Зулпуев атындагы айылдык кенешинин**
**7-чакырылышынын кезектеги жыйырма**
**жетинчи сессиясынын № 27-4 токтомуна**
**№ 1 тиркеме**

Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2024-жылга болжолдуу кирешеси.

**(мин сом)**

| № | Киреше булактары | божомол |
|---|---|---|
| 1 | “Альфа телеком” уюлдук ишканасы | 156 000 |
| 2 | “Терра” уюлдук компаниясы | 96 000 |
| 3 | “Нур телеком” мобилдик станциясы | 69 000 |
| 4 | Жайытты кыйыр пайдалануучулар | 45 000 |
| 5 | Жайытка баруучу шарттуу мал башынан | 141 000 |
| | Бардыгы: | 507 000 |

Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2024-жылга болжолдуу чыгашасы.

| № | Чыгаша бөлүгү | божомол |
|---|---|---|
| 1 | Эмгек акы | 311 800 |
| 2 | Соц.фондго чегерүү | 53 800 |
| 3 | Канцелярдык буюмдар | 4000 |
| 4 | Инфраструктура | 128 400 |
| 5 | Жана башка чыгымдары | 9000 |
| | Бардыгы: | 507 000 |

**Катчы** **Ж. Аркозиева**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК**
**ОКРУГУНУН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО ОКРУГА**

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кенешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги жыйырма жетинчи сессиясынын**

**№ 27-5 ТОКТОМУ**

**10-январь 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 2024-жылдагы жергиликтүү бюджетине балдар-бакчаларына тамак-ашка акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетин бекитүү учурунда Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын 28-беренесинин 4-пунктуна негиз так маалымат жок болгондуга байланыштуу тиешелүү мекеме-ишканалардын катышуусунда Т. Зулпуев айылдык кеңешинин Экономика, бюджет, соода жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясы тарабынан каралып Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 102-беренесинин 3-пунктуна ылайык Т. Зулпуев айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетин бекитүү учурунда Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын 28-беренесинин 4-пунктуна негиз так маалымат жок болгондуга байланыштуу 2023-жылдагыдай эле ар бир балага 18сом өлчөмүндө болуп, жалпысы 2534,4мин сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
2. Тамак-ашка бөлүнгөн акча каражаттары менен камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жана финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Т. Зулпуев айылдык кеңешинин Экономика, бюджет, соода жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК ОКРУГУНУН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО ОКРУГА**

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезексиз жыйырма сегизинчи сессиясынын**

**№ 28-1 ТОКТОМУ**

**13- февраль 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевдин 12. 02. 2024-жылдагы №01-19/214 сандуу чыгыш катын кароо жөнүндө.**

Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Кара-Кой айылынын тургундарынын турак-жайына тиешелүү жер аянттарына, Ош облустук жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын 21.12.2022-жылдагы Кара –Кой айылындагы калктуу конуштун жерлери -10,30га, огород – 4,0га, мүрзөлөр – 1,50га, сугат айдоо -10,95га жалпысы 26,75 га жер аянты берилген №01-18/704 санду чыгыш катынын негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18-март 1992-жылдагы №82-токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ноокат районунун “Кыргы-Ата” мамлекеттик жаратылыш паркын түзүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18-март 1992-жылдагы №82 сандуу токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүүнү Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине сунуш берүүгө макулдук берилсин.
2. Тиешелүү иш кагаздарын, документтерин даярдоо Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевге милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Т. Зулпуев айылдык кеңешинин жер, жерге жайгаштыруу, транспорт, курулуш өнөр-жай, экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК ОКРУГУНУН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО ОКРУГА**

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезексиз жыйырма сегизинчи сессиясынын**

**№ 28-2 ТОКТОМУ**

**13- февраль 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев атындагы айыл аймагынын Алмалык айылынын тургундарынын атынан Маматов Кудайбердинин арызын кароо жөнүндө.**

Т. Зулпуев атындагы айыл аймагынын Алмалык айылынын тургундарынын жашап жаткан турак жерлерин Ош шаарынын балансына өткөрүп берүү жөнүндөгү арызын кезексиз 28-сессияда карап, талкуулап Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Жарлыгынын 8-тиркемесинин 3-пунктундагы Алмалык айылынын аймактык тиешелүүлүгү боюнча каттоо эсебин Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев аймагында жүргүзүү сунушун эске алып, Т. Зулпуев атындагы айыл аймагынын Алмалык айылынын тургундарынын жашап жаткан турак жерлерин Ош шаарынын балансына өткөрүп берүүдөн баш тартылсын.
2. Токтомдун көчүрмөсү маалымат иретинде Ноокат райондук мамлекеттик администрациясына жөнөтүлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Т. Зулпуев айылдык кеңешинин жер, жерге жайгаштыруу, транспорт, курулуш өнөр-жай, экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК ОКРУГУНУН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО ОКРУГА**

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезексиз жыйырма сегизинчи сессиясынын**

**№ 28-3 ТОКТОМУ**

**13- февраль 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Өсөр айылынын Калта-Кыркол бөлүмүндөгү тургундарынын атынан А. Кантөрөевдин арызын кароо жөнүндө**

Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Өсөр айылынын Калта-Кыркол бөлүмүндөгү жашап жаткан тургундардын турак жайларын мыйзамдаштырып мамлекеттик каттоого киргизүүдө маселе жаралып жаткандыктан ушул көчөгө Кантөрөев Жумаштын атын коюп берүү максатында айыл тургундарынын протоколунун негизинде кезексиз 28- сессияда карап чыгып Т. Зулпуев айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Өсөр айылынын Калта-Кыркол бөлүмүндөгү көчөгө Кантөрөев Жумаштын атын коюп берүүгө макулдук берилсин.
2. Тиешелүү иш кагаздарды кароо жагы Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевге милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарлышын көзөмөлдөө мыйзамдуулук, дин, укук, депутаттык этика, каада салттар жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Бакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК**
**ОКРУГУНУН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО ОКРУГА**

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезексиз жыйырма сегизинчи сессиясынын**

**№ 28-4 ТОКТОМУ**

**13- февраль 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Максытов Алмазбектин арызын канааттандыруу максатында**

Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн Айбек айылынын Садиров Максыт көчөсү Садиров Мамыт болуп жазылып калгандыктан кезексиз кессияда карап Т. Зулпуев айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн Айбек айылынын Садиров Мамыт көчөсү Садиров Максыт болуп өзгөртүлүп берилсин.
2. Тиешелүү иш кагаздарын, документтерин даярдоо Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевге милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Т. Зулпуев айылдык кеңешинин жер, жерге жайгаштыруу, транспорт, курулуш өнөр-жай, экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК**
**ОКРУГУНУН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО ОКРУГА**

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги жыйырма тогузунчу сессиясынын**

## № 29-1 ТОКТОМУ

**19-февраль 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн Атамерек айылындагы төрөткананын батыш тарабындагы №422-контурунда жайгашкан 1200чарчы метр жер тилкесине Ноокат райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын имаратын курууга макулдук берүү жөнүндө.**

Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчисинин 08.02.2024-жылдын №01-3/135 сандуу катына негиз Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Атамерек айылындагы эски төрөткананын батыш тарабындагы №422-контурунда жайгашкан 1200чарчы метр жер тилкесин Ноокат райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын административдик имаратын курууга макулдук берүү максатында Кыргыз Республикасынын 18-беренесин жетекчиликке алып Т. Зулпуев айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Атамерек айылындагы эски төрөткананын батыш тарабындагы №422-контурунда жайгашкан 1200чарчы метр жер тилкесин Ноокат райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын административдик имаратын курууга макулдук берилсин.
2. Ушул токтомду аткарууга жана жетекчилике алууну Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевге милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин Жер, жерге жайгаштыруу, транспорт, курулуш өнөр-жай, экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын курамына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**НООКАТ РАЙОНУ**<br>**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК**<br>**ОКРУГУНУН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКАТСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО ОКРУГА** |

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги жыйырма тогузунчу сессиясынын**

**№ 29-2 ТОКТОМУ**

**19-февраль 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын эсептик счетундагы калдык акча каражатын бекитүү жөнүндө**

Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн эсептик счетунда калган калдыгы боюнча Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин 2023-жылдын 4-апрелинде өткөрүлгөн сессиясында каралып, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жөнүндөгү" Мыйзамынын 27-статьясынын 5 пунктуна ылайык, Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн бюджетинин 11 262 .4 миң сом калдык акча каражатын айыл өкмөтүнүн айылдарына, мектеп, бала бакчаларына ажыратылсын. (тиркеме тиркелет).
2. Айыл өкмөтүнүн бюджетинин чыгаша бөлүгүнөн эсептик счетунда калган калдыкты каржылануусу боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Тажибаевге жана айыл өкмөтүнүн Фининсы-экономика бөлүмүнүн башчысы Алимжан уулу Нуралига милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Экономика, бюджет, энергетика, ишмердүүлүк, кайра иштетүү боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

**Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин**
**7-чакырылышынын кезектеги 29-сессиясынын**
**№29-2 токтомуна №1-тиркеме**

**Т.Зулпуев айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 1-январына калган калдыктын эсебинен 2024-дын жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөр жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

| № | Аталышы | Бөлүмү | Берене | Суммасы |
|---|---|---|---|---|
| | **2024-жылдын 1 январына эсептик счетундагы калдык** | | | **11 262,4** |
| | **Кирешелердин жыйынтыгы** | | | **11 262 ,4** |
| **1** | Айыл өкмөт (аппарат) | 701 | 2215 | 250.0 |
| **2** | Айыл өкмөт (аппарат) | 701 | 3112 | 80.0 |
| **3** | Жайыт комитети | 70429 | 2214 | 250.0 |
| **4** | Жайыт комитети | 70429 | 3111 | 635,6 |
| **5** | Экономикалык маселелер | 70491 | 2215 | 790,0 |
| **6** | Экономикалык маселелер | 70491 | 2221 | 918,0 |
| **7** | Экономикалык маселелер | 70491 | 2222 | 40,0 |
| **8** | Экономикалык маселелер | 70491 | 3112 | 1385,1 |
| **9** | Экономикалык маселелер | 70491 | 3113 | 78,0 |
| **10** | Коммуналдык чарба | 70629 | 2214 | 150,0 |
| **11** | Коммуналдык чарба | 70629 | 2221 | 818,5 |
| **12** | Коммуналдык чарба | 70629 | 2222 | 150,0 |
| **13** | Коммуналдык чарба | 70629 | 3111 | 2092 |
| **14** | Коммуналдык чарба | 70629 | 3112 | 1950,0 |
| **15** | Спорт | 70862 | 2222 | 120,0 |
| **16** | Мектепке чейинки билим берүү | 70911 | 2215 | 131,0 |
| **17** | Мектепке чейинки билим берүү | 70911 | 2218 | 150,0 |
| **18** | Мектепке чейинки билим берүү | 70911 | 2221 | 753,0 |
| **19** | Мектепке чейинки билим берүү | 70911 | 2222 | 140,0 |
| **20** | Орто билим берүү мекемеси | 70921 | 2215 | 131,0 |
| **21** | Орто билим берүү мекемеси | 70921 | 3112 | 250,2 |
| **22** | **Чыгашалар жыйынтыгы** | | | **11262,4** |

**Жооптуу катчы** **Ж. Аркозиева**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК ОКРУГУНУН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО ОКРУГА**

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги жыйырма тогузунчу сессиясынын**

**№ 29-3 ТОКТОМУ**

**19-февраль 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн административдик имаратына тиешелүү 0,587га жер аянтынын ичинен Ноокат райондук мамлекеттик архивине админстративдик кенсе куруу үчүн кошумча 0,1га (бир сотых) жер тилкесин жыратып берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

16.02.2024-жыл. Ноокат райондук мамлекеттик архивинин башычы А. Акматжановдун Нокат райондук мамлекеттик архивине административдик кеңсе куруу үчүн кошумча 0,01га (бир сотых) жер аянтын ажыратып берүү жөнүндөгү арызын карап чыгып, Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн административдик имаратына тиешелүү 0,587га жер аянтынын ичинен 0,01га (бир сотых) жер аянтын ажыратып берүү максатында Кыргыз Республикасынын 18 беренесин жетекчиликке алып Т. Зулпуев айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн административдик имаратына тиешелүү 0,587га жер аянтынын ичинен 0,01 га (бир сотых) жер аянтын Ноокат райондук мамлекеттик архивине имарат куруу үчүн ажыратып берүүгө макулдук берилсин.
2. Ушул токтомду аткарууга жана жетекчилике алууну Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевге милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин Жер, жерге жайгаштыруу, транспорт, курулуш өнөр-жай, экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын курамына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
НООКАТ РАЙОНУ
Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК
ОКРУГУНУН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКАТСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
Т. ЗУЛПУЕВСКОГО
АЙЫЛНОГО ОКРУГА

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги жыйырма тогузунчу сессиясынын**

**№ 29-4 ТОКТОМУ**

**19-февраль 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Таштак айылынын тургундарынын атынан Х. Ганиевдин арызын кароо жөнүндө**

Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Таштак айылынын Ярмат ажы көчөсүн Каримжан ажы көчөсү деп өзгөртүп берүү максатында айыл тургундарынын протоколунун негизинде кезектеги сессияда карап чыгып Т. Зулпуев айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Таштак айылынын Ярмат ажы көчөсүн Каримжан ажы көчөсү деп өзгөртүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Тиешелүү иш кагаздарды кароо жагы Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевге милдеттендирилсин.
3. Каримжан ажы атындагы көчөнүн тазалыгын иретке келтирүү дайыма көзөмөлдөп туруу Таштак айылынын айыл башчысы Ж. Жороевге милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарлышын көзөмөлдөө мыйзамдуулук, дин, укук, депутаттык этика, каада салттар жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Бакиров**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК<br>ОКРУГУНУН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>Т. ЗУЛПУЕВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО ОКРУГА |
|---|---|---|

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги жыйырма тогузунчу сессиясынын**

**№ 29-5 ТОКТОМУ**

**19-февраль 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Яма беккари чүңкурун куруу үчүн 0,05сотых жер ажыратуу жөнүндө**

Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн аймагындагы арам өлгөн мал жандыктардын, ит мышыктардын өлүгүн көмүү үчүн свалканын жанындагы №238 контурунун 9.97га (тогуз гектар токсон жети сотых) жайыттын эсебиндеги жер аянтынын ичинен 0,05 (беш сотых)жер аянтын ажыратып берүү максатында Т. Зулпуев айылдык кеңешинин кезектеги сессиясында карап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн аймагындагы арам өлгөн мал жандыктардын, ит мышыктардын өлүгүн көмүү үчүн свалканын жанындагы №238 контурунун 9.97га (тогуз гектар токсон жети сотых) жайыттын эсебиндеги жер аянтынын ичинен 0,05 (беш сотых)жер аянтын ажыратып берүүгө макулдук берилсин.
2. Ушул токтомду аткарууга жана жетекчилике алууну Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевге милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин Жер, жерге жайгаштыруу, транспорт, курулуш өнөр-жай, экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын курамына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
НООКАТ РАЙОНУ
Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК
ОКРУГУНУН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКАТСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
Т. ЗУЛПУЕВСКОГО
АЙЫЛНОГО ОКРУГА

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезексиз отузунчу сессиясынын**

**№ 30-1 ТОКТОМУ**

**6-март 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев айылдык кеңешинин 4-апрель 2023-жылдагы №21-1 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Т. Зулпуев айылдык кеңешинин 4-апрель 2023-жылдагы №21-1 сандуу токтомундагы №662 контурундагы, айыл чарба багытындагы кайрак айдоо 1,50га (бир гектар элүү сотых) жер аянтын өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга макулдук берилген бирок жер аянтынын өлчөмү 1,50га эмес 1,20га (бир гектар жыйырма сотых)чыгып калгандыгына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесинин 4-пунктун жетекчилике алып Т. Зулпуев айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн Айбек айылынын Жаман-Адыр бөлүмүндөгү мамлекеттик кайра бөлүштүрүү фондунун №662-контрундагы, кайрак айдоо 1,20га (бир гектар жыйырма сотых) жер аянтын өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга макулдук берилсин.
2. Ушул токтомдун аткарылышын жетекчилике алуу Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевге милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Т. Зулпуев айылдык кеңешинин жер, жерге жайгаштыруу, транспорт, курулуш өнөр-жай, экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК ОКРУГУНУН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО ОКРУГА**

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезексиз отузунчу сессиясынын**

**№ 30-2 ТОКТОМУ**

**6-март 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевдин 05.03.2024-жылдагы № 01-19/385 сандуу чыгыш катын кароо жөнүндө**

Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Кара-Кой айылынын тургундарынын турак жайына тийешелүү жер аянттарына Ош облустук жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын №21.12.2022-жылдагы № 01-18/704 сандуу чыгыш катынын негизинде жалпы жери 40,57га (кырк гектар элүү жети сотых) аянтын түзөт. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18-март 1992-жылдагы №82-токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ноокат районунун “Кыргыз-Ата” мамлекеттик жаратылыш паркы түзүлгөн жана 22-октябрь 1993-жылдагы Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын №294 сандуу токтому менен Кыргыз-Ата мамлекеттик жаратылыш паркына 11172,0га жер аянтынын ичинен 40,57га(кырк гектар элүү жети сот) жер аянтын Кара-Кой айылынын тургундарына турак - жай курууга бөлүп берүү үчүн Ноокат районунун “Кыргыз-Ата” мамлекеттик жаратылыш паркын түзүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18-март 1992-жылдагы №82 сандуу токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүүнү Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине сунуш берүүгө макулдук берилсин.
2. Тиешелүү иш кагаздарын, документтерин даярдоо Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевге милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Т. Зулпуев айылдык кеңешинин жер, жерге жайгаштыруу, транспорт, курулуш өнөр-жай, экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**